Чыныбаева А. Т.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## АНГЛИС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ УЧУР ЧАКТЫ БИЛДИРҮҮЧҮ ЧАКТЫК ФОРМАЛАР

*Бул макалада англис тилиндеги учур чак формасы менен кыргыз тилиндеги учур чак формасын салыштыруу менен окшоштуктары жана айырмачылыктары көрсөтүп берилген.*

Англис тилиндеги белгисиз учур чак (The Present Indefinite Tense).

Кыргыз тилинде учур чак адат учур чак жана мезгил учур чак болуп экиге бөлүнөт. Адат учур чак дайыма болуп туруучу кыймыл-аракетти билдирет. Мезгил учур чак кыймыл-аракеттин азыр болуп жаткандыгын билдирет. Демек, англис тилиндеги (PIT) жана кыргыз тилиндеги адат учур чак менен салыштырып көрөлү.

**Англис тилиндеги белгисиз учур чак.**

**(The Present Indefinite Tense)**

Белгисиз учур чактын мааниси.

Англис тилиндеги этиштер белгисиз учур чакта төмөндөгүдөй учурларда колдонулат.

1) Кандайдыр бир кыймыл-аракеттин дайыма кайталануусун билдирет. Дайыма кайталануучу мааниси, ошондой эле кыймыл-аракеттин учур чакта деги эле дайыма болуп туруучу убакыты сүйлөө кебинде чектелбейт. Булар көпчүлүк учурда шарттуу сөздөр менен берилет.

*He studies at the University.*

*He keeps his promises.*

2) Жакка жана нерселерге дайыма билдирүүчү кыймыл-аракетти билдирет. Белгисиз учур чактын бул мааниси сөз болуп жаткан кыймыл-аракетти гана түшүндүрбөстөн, ага чейинки же ал кыймыл-аракеттен кийинки, дайыма болуп туруучу кыймыл–аракетти билдирет:

*She speaks English* -

*He possesses many good qualities.*

3) Белгилүү бир убакытты билдирбестен, бардык убакта колдонуучу кыймыл - аракетти билдирет.

*The earth rotates round its axis.*

*Water freezes at zero.*

4) Кыймыл-аракеттин азыр болуп жаткандыгын билдирет.

*He is hungry.*

*He is ill.*

5) Сүйлөнгөн мезгилдеги конкрет-түү кыймыл-аракетти билдирет. Бул белгисиз учур чактын формасы сезимди билдирүүчү, жакын мамилени билдирүүчү, жөндөмдүүлүктү билди-рүүчү

этиштер менен түзүлөт. Алар: *to see, to hear, to feel, to love, to hate, to like, to prefer, to mind, to know, to understand , to please, to belong, to contain, to passes, to depend, to consist, to recognise, to forgive, to believe.*

*I see you well.*

*I don't understand you.*

6) Кыймыл-аракеттин учур чакта болорун билдирет. Ал *after, if,as ong as, before, when, till, while* убакытты жана шартты билдирүүчү байламталар менен келүүчү багыныңкы сүйлөмдөр менен түзүлөт.

*If he comes, I shall ask him about*

*Shall stay here untill returns?*

**Белгисиз учур чактын формасы**.

Англис тилинде белгисиз учур чактын формасы бирдей болуп түзүлбөйт: жай формасы синтетикалык жол менен, ал эми суроолуу жана тангыч формалары **to do** жардамчы этиши менен аналитикалык жол менен түзүлөт, суроолуу формасында **do** жардамчы этиши сүйлөмдүн алдына коюлат, ал эми тангыч формасында **not** бөлүкчөсү негизги этиштин алдына ээден кийин коюлат.

I often write letters

I do not write letters Do you often write letters?

Белгисиз учур чакта этиштерге атайын мщчө уланбайт, бир гана үчүнчү жакта жекелик түрдө **S** мщчөсү уланат. **S** мщчөсү үч фонетикалык айтылыштан турат.

*(is )* шуулдама жана ышкыруучу тыбыштардан кийин.

*(z)* жумшак үнсүз жана үндүү тыбыштардан кийин.

*(s)* каткалаң тыбыштардан кийин.

Суроолуу жана тангыч сүйлөмдөрдё S мүчөсү **do** жардамчы этишине кошулуп, (DAZ) деп окулат.

Тангыч жана суроолуу тангыч формасында **not** бөлүкчөсү **do** жардамчы этишинен кийин коюлат.

**Кыргыз тилиндеги адат учур чак.**

Адат учур чактын мааниси жана формасы.

Кыргыз тилиндеги адат учур чак синтетикалык жол менен түзүлөт. Жай сүйлөмү чакчылдардын-е/й мүчөсү жана этиштин жекелик мүчөсү аркылуу түзүлөт.

Мисалы: *Мугалим болуп иштеймин.*

*Ал таза жазат.*

Суроолуу сүйлөмдө этишке суроолу аффикси **-бы** кошулуп, сүйлөмдүн аягына коюлат, ал эми тангыч түрү **-ба** мүчөсү этиштен кийин турат. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн ирээти өзгөрбөстөн кала берет.

*Мен кат жазамбы?*

*Мен кат жазбайм.*

Эксперименталдык иш Каракол шаарындагы 2 кыргыз мектепте №3 жана №6 мектепте жүргүзүлдү. 6-класстарга PRESENT INDEFINITE темасын үйрөтүүнү карап көрөлүк. Эки мектептен тең 2 эксперименталдуу класс жана 2 атайын класс алынды. Эки мектептин эксперименталдуу класс-тарына теманы түшүндүрүү биз өзүбүз даярдаган методика менен өтүлдү. Бышыктоого репродуктивдуу көнүгүүлөр берилди, андан соң оозеки көнүгүүлөр берилди.

Түшүндүрүүдө PRESENT INDEFINITEтин жай сүйлөмү эне тили менен салыштырылып, окшоштуктары көрүндү.

М: (толук аналогия) англис тилинде да 3 - жекелик түрдө *S*-мүчөсү менен түзүлөрү, ал эми кыргыз тилинде чакчылдардын *а\й* мүчөсү аркылуу түзүлөрү көрсөтүлдү.

Ал эми суроолу жана тангыч түрүн түшүндүрүүдө бул салыштыруу кыргыз окуучулары спецификалык каталарды кетирбөө максатында берилди. М: PRESENT INDEFINITE англис тилинде аналитикалык форма менен берилет, ал эми кыргыз тилинде синтетикалык форма менен берилет. Башкача айтканда, салыштыруу окуучуларда англис тили менен кыргыз тилинин чактык формаларынын ортосундагы айырмачылыктарын, окшоштуктарын көрүү үчүн берилген.

Жай формасын түшүндүрүүдө мындай деп берилген. Эгерде силер кандайдыр бир нерсени дайыма, күндө, кечинде, эртен менен кайталанып туруучу кыймыл-аракетти билдиргиңер келсе, биз PRESENT INDEFINITи колдонобуз жана 3 - жекелик түргө этишке *S* мүчөсү уланып жазылат, кыргыз тилиндегидей этишке *а\й* мүчөсщ сыяктуу түзүлөт. Андан ары төмөндөгүдөй мисалдар берилди.

*She lives in Bishkek. Ал Бишкекте жашайт.*

Андан ары S мүчөсүн 3 фонетикалык вариантта айтылары жана кыргыз тилиндегидей -а\й мүчөсү дагы ар кандай өзгөрүүлөргө ээ экендиги көргөзүлдү.

Андан ары окуучуларга өтүлгөн теманы бышыктоо максатында таблицалык көнүгүүлөр берилди.

| |
|---|
| I play football every day<br>You play chees in the evening<br>We play the piano in the afternoon<br>Pioneers play hockey every Saturday |

| |
|---|
| He lives in Bishkek<br>Kate works in the country<br>The wind blows |

| |
|---|
| She gets up at 7 o clock |

Берилген таблица боюнча окуучулардын санына жараша ар бир окуучуга 2-3 сүйлөмдөн берилди.

Ушул сыяктуу көнүгүүлөрдөн кийин окучууларга берилген чактык форманы оозеки кепте колдонуучу көнүгүүлөр берилди. М: Мугалим окуучуларга 3-4 сүйлөмдөн турган, алар дайыма, күндө, эртен менен, кечинде, дем алыш күнү, шейшемби күнү эмне кылат же болбосо 3 сүйлөмдөн досу, эжеси, агасы, атасы, апасы дайыма эмне кыла тургандыгын билүү максатында сүйлөмдөр түзүлдү.

Ушул сыяктуу көнүгүүлөрдү аткарууда окуучулар башында сүйлөмдөрүнүн мазмунун бир аз ойлонушуп отурушту, бирок 1-2 окучуунун жообунан кийин бардыгы берилген маселени бат эле аткарып бүтүштү.

Сүйлөмдөр салыштыруу аркылуу берилгенден кийин окуучулар сүйлөмдөрдү оңой эле өздөштүрүштү.

Берилген таблица менен окуучулардын угуу, көрүү, жазуу, кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрү аткарылды. Эгерде биринчи убакта окуучулар щчщн эрежесинде, айтылышында оорчулук болсо, кийинчээрек сүйлөмдөрдү эч оорчулугу жок эле түзүп жатышты .

Демек, 6-класстардын эксперменталдык жыйынтыгын көрөлү.

| | Класстагы бардык окуучу | Алардын ичинен сүйлөм түзгөндөр | Бардык 3 сүйлөмдү тең түзгөндөр | 1-2 сүйлөм түзгөндөр |
|---|---|---|---|---|
| Некрасов № 3 | 17 | 11 | 7 | 4 |
| % | 100 | 55,38 | 32,9 | 23,2 |
| Чехов № 6 | 24 | 14 | 9 | 5 |
| % | 100 | 56,14 | 36,9 | 20,5 |

Схемадан көрүп тургандай, көпчүлүк окуучулар берилген грамматикалык форманы иш жүзүнө ашыра алышты, ал эми кээ бирлери сүйлөм түзүщдөн ар кандай себептер менен кыйналышты. Мисалы, кээ бир окуучулар төмөндөгүдөй каталарды кетиришти.

I to the cinema every day go.

She go to the school ж.б.

Эми Present Indefiniteти эки мектептеги контролдук класстарга түшүндүрүү жана бышыктоо кандай өткөндүгүн көрсөтөлү.

Контролдук класстарга түшүн-дүрүү жана бышыктоо салттуу методика менен эле **өттү,** башкача айтканда, түшүндүрүү репродуктивдүү багытта берилген жок, бышыктоого грамматикалык форманы түшүндүрүү үчүн көнүгүүлөр берилди. Башкача айтканда, түшүндүрүүдө чактык форманын эрежеси китепте берилгендей эле түшүндүрүлдү. М; Present Indefinite кыймыл

аракеттин дайыма кайталанып туруусун билдирет. Убакытты билдирүүчү сөздөр: usually, always, ever, never, sometimes ж.б.

*I get up at 7 o"clock every day.*

*She works at the Insititude.*

Present Indefinite N+V жардамчы этиштери менен түзүлөт. Үчүнчү жекелик түрдө S мүчөсү уланып айтылат. "S" - мүчөсү (Z) (IZ) (S) фонетикалык айтылыштарга ээ.

Бул теманы түшүндүрүүдө салыштыруу колдонулган жок.

Жаңы теманы түшүндүргөндөн кийин мугалим окучууларды (PIT) тин колдонуу эрежесин кайталоону суранды жана андан ары көнүгүүлөргө киришти. Көнүгүүлөрдүн бардыгы китептен алынды. Көнүгүү боюнча окуучулар этиштерди Present Indefinitke коюп сүйлөмдөрдөгү ачык жерлерге коюп, анан эне тилине которушту.

Эки эксприменталдык специ-фикалык класстарга тең Present Indefinit тин жай түрүн өткөндөн кийин, кийинки сабакта биз кёзёмёл катары дайыма жайкы эс алуу же болбосо дем алыш күндөрүн кандай өткөзө тургандыгы жөнүндө айтып берүү тапшырмасын бердик. Бул үчщн биз класстан билим деъгээли бирдей болгон 6 окуучуну алдык.

3 окуучу 4 (жакшы), 3 окуучу 5 (эн жакшы) ал эми башкалары 3 (канагаттандыраарлык) деген бааларга ээ болушту.

Жооп берүүдөө жана анализдөөдө эксперименталдык класстын окуучулары жайкы каникулун, дем алыш күндөрүн кандай өткөрө тургандыгын (PIT)ти колдонушуп айтып бере алышты (албетте, кээ бир гана окуучулар чактык форманы алмаштырып алышып, бирок кайра ондоп алышты), ал эми контролдук класстан көпчүлүк окуучулар берилген тапшырмага (PIT)ти колдонуп айта алышкан жок.

Эми эксперименталдык жана контролдук класстардын берилген чактык форманы кандай өздөштүрө алгандыгын көргөзөлү.

| Класстар жана ангеме түзгөн окуучулардын саны | | № 3 мектеби | | №6 мектеби | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | «э» 6 | «к» 6 | «э» 6 | «к» 6 |
| Окуучулар дын берил ген чактык форманы өздөштү-рүүнүн деъгээли. | 1) Кандайдыр бир аңгемени берилген чактык форманы колдонуу менен айтып бере алышты.<br><br>2) Ангемени кыйналуу менен жасашты, башкача айтканда, түзүлүш формасынан | 5 | 1 | 4 | 2 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | каталарды кетиришти.<br><br>3) 2-3 сүйлөм түзө алышты, бирок берилген чактык форманы колдонушкан жок. | 1<br><br><br><br><br><br>- | 2<br><br><br><br><br><br>3 | 2<br><br><br><br><br><br>- | 2<br><br><br><br><br><br>3 |

Жогоруда айтып кеткендей эле эксперименталдык класстын окуучу-лары өтүлгөн лексикалык материалды жакшы өздөштүрө албай, сүйлөмдөрдө төмөндөгүдөй каталарды кетиришти.

*I to the cinema go every day.*

*She read the book.*

*You writes a letter.*

Демек, 2 контролдук класстын 12 окуучусунан 3 гана окуучу туура формасын, 5өө (PIT)ти сщйлөө речинде такыр колдонушкан жок.

Ушул теманы бышыктоо үчүн төмөндөгүдөй көнүгүүлөрдү аткарса болот.

**Снежный ком.**

Биринчи оюнчу кыска 3-4 сөздөн турган фраза айтат.

Мисалы; John eats apples.

Экинчиси фразага бир сөз кошуш керек.

Мисалы; John eats sweet apples.

Кезеги менен оюнчулар ушундай кылып кете беришет. Ким фразаны толуктай албаса же унутуп калса, ал окуучу оюндан чыгат.

**«Дщкөн» оюну.**

Оюндун шарты: Мугалим - сатуучу. Балдар - сатып алуучу.

Ар бир окуучу столдо турган оюнчуктардын жанына келип, минтип айтышат

Hello, Can I have a……?

Teacher: Yes, please.

Children: Thank you. I have got a….I like to play with…… ардык окуучулар катышып бүткөндөн кийин бир окуучу ар бир катардан чыгып кимде кандай оюнчук бар экенин айтыш керек.

Мисалы: Asan has a.Masha has got a….

**“Бул эмне жаныбар” оюну.**

Мугалим үнүн чыгарып окуйт.

1. It is a domestic animal. It likes fish (a cat).

2. It is a wild animal. It likes bananas (a monkey)

3. It is a big domestic animal. It gives us milk (a cow)

4. This animal lives at home or in the street. It is mans friend (a dog)

Адабияттар:

1. Турсуналиев. Т. Англис тилинин грамматикасы. –Б., Мектеп, 1988.

2. Турсуналиев. Т. Обучаем англий-скому глаголу. – Б., 1988.
3. Рогова Г.В., Рожкова Ф.М. Английский язык за два года. –М.: просвещение, 2003.
4. Ox Clive enden Christina Latham-Koening Paul Selingson “ New English File” Elementary OXFORD University Press. 1997.
5. Clive Oxenden Christina Latham-Koening Paul Selingson “ New English File” Pre-intermediate OXFORD University Press. 1997.
6. Качалова Грамматика английского языка. - М., 1994.